Ош эл аралык медицина университетинин Окумуштуулар кеңешинин
№ 3 кезектеги жыйынынын протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

2026-жылдын 24-декабры Ош шаары

Төрага – Джумаев Р.М.
Катчы – Кочконбаева С.И.
Катышкандар: 15

**КҮН ТАРТИБИ:**

3. «Стандартизделген пациент» (СП) методикасы боюнча жобону бекитүү жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы м.и.к., доц. Джумаев Р.М. «Стандартизделген пациент» (СП) методикасы боюнча жобо окуу процессинде практикалык сабактарды уюштурууда, ошондой эле объективдүү түзүмдөлгөн клиникалык экзаменди өткөрүүдө колдонулуучу маанилүү ченемдик документ болуп саналарын белгилеп, жобону бекитүү маселесин кароого сунуш кылды.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү Сакибаев К.Ш., Момунова А.А., Алиева Ч.М. сөзгө чыгышып, «Стандартизделген пациент» методикасын колдонуу студенттердин клиникалык көндүмдөрүн, коммуникациялык жөндөмдөрүн жана практикалык даярдыгын жогорулатууга өбөлгө түзөрүн белгилешти. Ошондой эле бул методика эл аралык медициналык билим берүү стандарттарына шайкеш келерин айтып, жобону бекитүүнү колдошту.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ош эл аралык медицина университетинде «Стандартизделген пациент» (СП) методикасы боюнча жобо бекитилсин.
2. Жобону окуу процессине киргизүү жана анын аткарылышын камсыз кылуу тиешелүү кафедраларга жүктөлсүн.
3. Жобонун аткарылышын көзөмөлдөө факультеттин деканы Н.М.Ташматовага жүктөлсүн..

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Джумаев Р.М.

Окумуштуулар кеңешинин катчысы Кочконбаева С.И.